Расмий оппонент педагогика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Мелис Казыкеевичтин Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазган докторлук диссертациясына расмий

**ПИКИР**

Диссертациялык иш И,Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчи – **Мамытов Абакир Мамытович** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын академик-башкы илимий кызматкери.

Илимий изилдөө киришүүдөн, төрт баптан, корутундулардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясында жана бир катар расмий документтерде мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүү иштерин күчөтүү керектиги белгиленген. Кыргызстандын экономикасында айыл чарбасы негизги орунду ээлейт. Мына ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына ылайык аймактарды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Азыркы кездеги айыл чарбасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын жана инновациялык технологиялардын киргизилиши, айыл жергесиндеги миграциянын уланышы, өз кезегинде тармактын квалификациялуу даярдыгы бар кесип ээлерине муктаждыгын пайда кылды. Квалификациялык даярдыгы бар, инновациялык технологияларды колдонуп, келечектеги айыл чарба эмгекчисин даярдоо айыл чарба өндүрүшүн

интенсивдештирүүнү жана индустриялаштырууну тездетет.

Натыйжада айыл мектебинин окуучуларынын жеке кызыгуусун жана аймактын квалификациялуу кесип ээлерине керектөөлөрүн эске алып, аларды айыл чарбасындагы кесиптерден тандап алууга даярдоодо айыл мектебинин ролу өсөт.

Автор илимий булактарды, Кыргызстандын айыл мектептеринде топтолгон тажрыйбаларды талдоонун негизинде төмөндөгүдөй карама-каршылыктар аныктаган, атап айтканда, айыл чарбасынын квалификациялык даярдыгы бар кесип ээлерине болгон муктаждыгы менен окуучулардын кесип тандоосундагы, айыл мектебинин кесиптик багыт берүү ишинин системасына керектөөлөрү менен бул проблеманын методологиялык жана теориялык жактан жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгынын, эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарында окуучуларды айыл чарба кесиптерин тандоого даярдоонун зарылдыгы менен айыл мектебинин окуучуларынын кесиптик кызыгуусунун ортосундагы диспропорциянын болушу. Мына ушул карама-каршылыктарды жоюу, базар экономикасынын шарттарында мектеп окуучуларына айыл чарба кесиптерине багыт берүү ишинин теориялык, практикалык маселесинин чечүүнүн зарылдыгы изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун көрсөтүп турат. Демек, коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында айыл мектебинин окуучуларын айыл чарбасындагы кесипти тандап алууга даярдоонун ийгилиги, проблеманын методологиялык, теориялык, методикалык маселелеринин иштелип чыккандыгына көз каранды.

**II. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгү.**

– Илимий изилдөөдөгү методологиялык жана теориялык көз караштардын, ой пикирлердин тактыгы;

– Аныкталган жоболордун, практикалык сунуштардын далилдүү натыйжалар менен талдангандыгы.

**III. Диссертациянын илимий жаңылыгы** Кыргызстанда окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн проблемасынын өнүгүү этаптары жана анын

тарыхый-педагогикалык, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү, теориядагы жана практикадагы абалы аныкталгандыгында; методологиясы жана анын концептуалдык негизин түзгөн мамиле жасоонун багыттары, принциптери, критерийлеринин, «айыл мектеби» деген түшүнүк жана анын жаңы социалдык-экономикалык шарттардагы аткарган функциясы, «кесиптик багыт берүү» деген түшүнүк жана анын функциясы, айыл мектебиндеги максаты, милдети, структурасы, этаптары такталган, педагогикалык шарттары такталды, кесиптерин тандоого даярдыгынын компоненттери, критерийлери жана айыл чарба кеиптерине тандоого багыт берүүнү камсыз кылган теориялык моделинин иштелип чыккандыгында.

**IV. Диссертациялык иштин негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

-коюлган жоболордун методолгиялык жактан негизделиши;

- изилдөөнүн максатына жана милдетине ылайык методдорунун комплексинин колдонулушу;

- педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**V. Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу.**

Аткарылган изилдөөнүн теориялык жыйынтыктарын, илимий негизделген натыйжаларын жана сунуштарын концепцияны түзүүчүлөр, окуу китептеринин жана колдонмолорунун авторлору, мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайдын окутуучулары, мугалимдердин адистигин жогорулатуучу курстардын угуучулары, педагогикалык окуу жайдын студенттери тарабынан колдонууга сунушталат. «Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери» боюнча атайын курстун программасы иштелип чыгып ЖОЖдун практикасына киргизилиши, практикалык сунуштардын мектеп мугалимдеринин күндөлүк практикасында колдонушу окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин натыйжалуулугун арттырат. Окуучуларга кесиптик багыт берүү проблемасын илимий жана практикалык жактан чечүү өлкөнүн социалдык заказына жооп болуп саналат.

**VI. Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын теориялык баалуулугу.**

Кыргызстанда мектеп окуучуларына кесипке багыт берүү маселесинин өнүгүшүнүн жана калыптанышынын тарыхый-педагогикалык, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрүнүн, этаптарынын, теориядагы жана практикадагы абалынын алгачкы ирээт аныкталгандыгында, жаңы шарттардагы айыл мектебинин функциясы, айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориялык негизделиши, методологиясынын негизин түзгөн мамиле кылуунун багыттарынын такталгандыгы, окуучулардын кесип тандоого даярдыгынын компоненттеринин жана критерийлерин, аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары жана теориялык моделинин иштелип чыккандагында.

**VII. Диссертациянын адистигине туура келиши.**

Изилдөөдөгү илимий-теориялык талдоонун жыйынтыктарына таянуу менен Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы 13.00.01-адистигине туура келет.

**VIII. Диссертациянын негизги жыйынтыктары** Изилдөөнүн темасына байланыштуу 37 илимий эмгек жарыяланган. 8 эмгек РИНЦ системасында жарыяланган.

**IX Диссертациялык иш боюнча сын пикир, сунуштар.**

Диссертациялык иште айрым мүчүлүштүктөр кездешет:
1. Теманын актуалдуулугун аныктаганда Кыргызстандын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнүн чагылдырган расмий документтерди көрсөтсө болмок.

2. Мектепте кесиптик багыт берүүнүн башталгыч класстардан баштап ырааттуу ишке ашырылышы каралса болмок. Иште негизинен жогорку класстар гана каралып калган.

3. Илимий жана расмий булактарды пайдаланганда так көрсөтүлүшү керек.

4. Диссертациялык иште оңдоону талап кылган айрым стилистикалык жана орфографиялык каталарды кездештирүүгө болот.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациялык иштин жалпы илимий деңгээлине терс таасирин тийгизбейт.

**VIII. Жалпы тыянак**

Ө.А.Сманбаевдин диссертациялык изилдөөсүнүн теориялык жыйынтыгы жана практикалык мааниси боюнча айыл мектебинин окуучуларына айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн маселесине арналган, жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимине салым кошкон, толук бүткөрүлгөн илимий иш болуп саналат.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазган докторлук диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын ЖА комиссиясынын доктордук диссертацияга коюлган бардык талаптарына жооп берет.

Сманбаев Өрнөкбек Аманович 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Асаналиев М.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ



И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университети
Колун тастыктайм КБ
15.01.2020-ж.